# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

2013-жылдын 6-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** 63-статьянын 7-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«(7) Өзгөчө оор кылмыш үчүн соттолгон адамдарга, жаш кыздардын жана жашы жете элек адамдардын жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыш жасаган адамдарга, ушул Кодекстин 224, 225 жана 303-315-статьяларында каралган кылмыштарды жасаган адамдарга, уюшкан кылмыштуу топтун, кылмыштуу шериктиктин (кылмыштуу уюмдун), куралдуу топтун (банданын) курамында кылмыш жасаган адамдарга, туруктуу жашаган жери жок адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасында убактылуу жашаган чет өлкөлүк граждандарга жана граждандыгы жок адамдарга карата шарттуу соттоо колдонулбайт.».

**2.** 129-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«129-статья. Зордуктоо

(1) Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдарга психикалык жана кара күч зомбулугун көрсөтүү, зомбулук көрсөтөм деп коркутуу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу менен жабырлануучунун каалоосуна жана эркине каршы жыныстык катнашта болгондо, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Зордуктоо:

1) ушул главанын статьяларында каралган кылмыштар үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалганда;

2) адамдардын тобу тарабынан жасалганда;

3) алдын-ала макулдашуу боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалганда;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений и дополнений
в Уголовный кодекс Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 6 июня 2013 года

**Статья 1.** Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 7, ст. 229) следующие изменения и дополнения:

**1.** Часть 7 статьи 63 изложить в следующей редакции:

«7) Условное осуждение не применяется к лицам, осужденным за особо тяжкие преступления, к лицам, совершившим преступления против половой неприкосновенности малолетних и несовершеннолетних лиц, к лицам, совершившим преступления, предусмотренные статьями 224, 225 и 303 - 315 настоящего Кодекса, к лицам, совершившим преступления в составе организованной преступной группы, преступного сообщества (преступной организации), вооруженной группы (банды), к лицам, не имеющим постоянного места жительства, а также к иностранным гражданам и лицам без гражданства, временно проживающим в Кыргызской Республике.».

**2.** Статью 129 изложить в следующей редакции:

«Статья 129. Изнасилование

(1) Изнасилование, то есть половое сношение, совершенное вопреки желанию и воли потерпевшей с применением психического и физического насилия, угрозы их применения к потерпевшей или к другим лицам, а равно с использованием беспомощного состояния потерпевшей, -

наказывается лишением свободы на срок от пяти до восьми лет.

(2) Изнасилование:

1) совершенное лицом, ранее судимым за преступления, предусмотренные статьями настоящей главы;

2) совершенное группой лиц;

4) өлтүрөм деп же саламаттыгына оор залал келтирем деп коркутуу менен коштолгондо, ошондой эле жабырлануучуга же башка адамдарга карата өзгөчө ырайымсыздык менен жасалганда;

5) жабырлануучуга жыныстык ооруну жуктурууга алып келгенде,-

сегиз жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Зордуктоо:

1) жашы жете электерге карата жасалганда;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим берүү, тарбиялоо, дарылоо же болбосо башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

3) уюшкан кылмыштуу топтун (шериктиктин) мүчөсү тарабынан жасалганда;

4) жабырлануучуга ВИЧ-жугуштуу ооруну жуктурууга же башка оор кесепеттерге алып келгенде;

5) жабырлануучунун өлүмүнө алып келгенде,-

он беш жылдан жыйырма жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Ошол эле аракеттер жаш балдарга карата жасалганда,-

жыйырма жылга эркиндигинен ажыратууга же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Эскертүү.** Ушул статьянын үчүнчү бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган башка оор кесепеттер деп: жабырлануучунун өзүн-өзү өлтүрүшүн же өзүн-өзү өлтүрүүгө кол салуу, анын психикасынын бузулушун, күнөөлүү адам тарабынан жабырлануучунун ден соолугуна ар кандай түрдөгү оор залал келтирүүнү (жасалган зордуктоонун натыйжасында боюнда болуп калууну, жатындын тышына боюна бүтүп калууну, боюнан түшүүнү, бала төрөө мүмкүнчүлүгүн жоготууну, жыныстык катышуу мүмкүнчүлүгүн жоготууну же бала төрөнүү), анын ичинде залал келтирүү учурундагы өмүргө коркунуч келтирген аракеттерди түшүнүү керек.

Он сегиз жашка толо элек адам жашы жете элек болуп эсептелет. Ал эми он төрт жашка толо элек жаш бала болуп эсептелет.».

**3.** 130-статьяда:

1-бөлүгүнүн экинчи абзацында «үч» деген сөз «беш» деген сөзгө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн 6-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«(3) Ушул статьянын биринчи жана экинчи бөлүктөрүндө каралган жосундар, эгерде алар:

1) жашы жете элек адамга карата жасалса;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

3) уюшкан кылмыштуу топтун (шериктиктин) мүчөсү тарабынан жасалганда;

3) группой лиц по предварительному сговору;

4) соединенное с угрозой убийством или причинения тяжкого вреда здоровью, а также совершенное с особой жестокостью по отношению к потерпевшей или к другим лицам;

5) повлекшее заражение потерпевшей венерическим заболеванием, -

наказывается лишением свободы на срок от восьми до пятнадцати лет.

(3) Изнасилование:

1) совершенное в отношении несовершеннолетней;

2) совершенное родителем или иным лицом, на которое законом возложены обязанности по воспитанию несовершеннолетней, а равно педагогом или другим работником образовательного, воспитательного, лечебного либо иного учреждения, на которое законом возложены обязанности осуществлять надзор за несовершеннолетней;

3) совершенное членом организованной преступной группы (сообщества);

4) повлекшее заражение потерпевшей ВИЧ-инфекцией или иные тяжкие последствия;

5) повлекшее смерть потерпевшей, -

наказывается лишением свободы на срок от пятнадцати до двадцати лет.

(4) Те же действия, совершенные в отношении малолетней, -

наказываются лишением свободы сроком на двадцать лет или пожизненным лишением свободы.

**Примечание.** Под иными тяжкими последствиями, предусмотренными в пункте 4 части третьей настоящей статьи, следует понимать: самоубийство или покушение на самоубийство потерпевшей, ее психическое расстройство, причинение виновным любого вида тяжкого вреда здоровью потерпевшей (зачатие, возникновение внематочной беременности, прерывание беременности, потеря способности к деторождению, утрата возможности половой жизни или рождение ребенка в результате совершенного изнасилования), в том числе и опасного для жизни в момент нанесения.

Несовершеннолетним считается лицо, не достигшее восемнадцатилетнего возраста. Малолетним считается ребенок, не достигший четырнадцати лет.».

**3.** В статье 130:

в абзаце втором части 1 слово «трех» заменить словом «пяти»;

пункт 6 части 2 признать утратившим силу;

часть 3 изложить в следующей редакции:

«(3) Деяния, предусмотренные частями первой и второй настоящей статьи, если они:

1) совершены в отношении несовершеннолетнего лица;

2) совершены родителем или иным лицом, на которое законом возложены обязанности по воспитанию несовершеннолетнего, а равно педагогом или другим работником образовательного, воспитательного, лечебного либо иного учреждения, на которое законом возложены обязанности осуществлять надзор за несовершеннолетним;

4) байкабастыктан жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) саламаттыгына оор залал келтирүүгө, ага (ал аялга) ВИЧ-жугуштуу ооруну жуктурууга же башка оор кесепеттерге алып келсе;

5) жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) өлүмүнө алып келсе,-

он беш жылдан жыйырма жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.»;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүк менен толукталсын:

«(4) Ошол эле жосундар жаш адамга карата жасалганда,-

жыйырма жылга эркиндигинен ажыратууга же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**4.** 131-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«131-статья. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо

(1) Шантаж, жок кылам, зыянга учуратам же мүлкүңдү алып коем деп коркутуу же жабырлануучунун (жабырлануучу аялдын) материалдык же башка жагынан көз карандылыгынан пайдалануу менен адамды жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аркеттерди жасоого мажбурлаганда, -

эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган жосундар:

1) жашы жете элек адамга карата жасалса;

2) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

үч жылга чейин окутуучулук же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(3) Ошол эле жосундар жаш адамга карата жасалганда,-

үч жылга чейин педагогдук иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**5.** 133-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«133-статья. Ыплас аракеттер

(1) Он сегиз жашка чыга элек адамга карата зомбулук көрсөтпөстөн, ыплас аракеттер жасалганда, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар:

1) атасы же мыйзамда жашы жете электи тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адам, ошого тете мыйзамда жашы жете электерди көзөмөлдөө милдети жүктөлгөн билим, тарбия берүү, дарылоо же башка мекеменин педагогу же башка кызматкери тарабынан жасалганда;

3) совершены членом организованной преступной группы (сообщества);

4) повлекли по неосторожности причинение тяжкого вреда здоровью потерпевшего (потерпевшей), заражение его (ее) ВИЧ-инфекцией или иные тяжкие последствия;

5) повлекли смерть потерпевшего (потерпевшей), -

наказываются лишением свободы на срок от пятнадцати до двадцати лет.»;

статью дополнить частью 4 следующего содержания:

«(4) Те же деяния, совершенные в отношении малолетнего лица, -

наказываются лишением свободы на срок двадцать лет или пожизненным лишением свободы.».

**4.** Статью 131 изложить в следующей редакции:

«Статья 131. Понуждение к действиям сексуального характера

(1) Понуждение лица к половому сношению, мужеложству, лесбиянству или совершению иных действий сексуального характера путем шантажа, угрозы уничтожения, повреждения или изъятия имущества либо использования материальной или иной зависимости потерпевшего (потерпевшей) -

наказывается лишением свободы на срок до двух лет.

(2) Деяние, предусмотренное частью первой настоящей статьи, совершенное:

1) в отношении несовершеннолетнего лица;

2) родителем или иным лицом, на которое законом возложены обязанности по воспитанию несовершеннолетнего, а равно педагогом или другим работником образовательного, воспитательного, лечебного либо иного учреждения, на которое законом возложены обязанности осуществлять надзор за несовершеннолетним, -

наказывается лишением свободы на срок от двух до пяти лет с лишением права заниматься педагогической или иной деятельностью до трех лет.

(3) Те же деяния, совершенные в отношении малолетних лиц, -

наказываются лишением свободы на срок от пяти до восьми лет с лишением права заниматься педагогической деятельностью до трех лет.».

**5.** Статью 133 изложить в следующей редакции:

«Статья 133. Развратные действия

(1) Совершение развратных действий без применения насилия в отношении лиц, не достигших восемнадцати лет, -

наказывается лишением свободы на срок от одного до трех лет.

2) ушул главанын статьяларында каралган кылмыштар үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалганда, -

үч жылга чейин педагогдук же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

(3) Ошол эле жосундар жаш адамдарга карата жасалганда,-

үч жылга чейин педагогдук же башка иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**6.** 157-статьянын 1-бөлүгүнүн биринчи абзацында «сойкулукка, сексуалдык аракеттерди жасоого,» деген сөздөр алып салынсын.

**7.** 260-статья төмөнкүдөй мазмундагы 3 жана 4-бөлүктөр менен толукталсын:

«(3) Ошол эле жосундар жашы жете элек адамды азгырып тартуу менен жасалганда,-

беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

(4) Ошол эле жосундар жаш адамды азгырып тартуу менен жасалганда,-

он жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**8.** 261-статьяда:

3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«(3) Ошол эле жосундар жашы жете элек адамды азгырып тартуу менен жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.»;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүк менен толукталсын:

«(4) Ошол эле жосундар жаш адамды азгырып тартуу менен жасалса, -

мүлкүн конфискациялоо менен он жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**9.** $262^1$-статьяда:

статьянын аталышында, 1-бөлүгүнүн биринчи абзацында жана 3-бөлүгүнүн 3-пунктунда «билип туруп» деген сөздөр алып салынсын;

1-бөлүгүнүн экинчи абзацында «эки» деген сөз «беш жылдан сегиз» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн экинчи абзацында «эки жылдан үч» деген сөздөр «сегиз жылдан он» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3-бөлүгүнүн 3-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«сегизден он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

(2) То же деяние:

1) совершенное родителем или иным лицом, на которое законом возложены обязанности по воспитанию несовершеннолетнего, а равно педагогом или другим работником образовательного, воспитательного, лечебного либо иного учреждения, на которое законом возложены обязанности осуществлять надзор за несовершеннолетним;

2) совершенное лицом, ранее судимым за преступления, предусмотренные статьями настоящей главы, -

наказывается лишением свободы на срок от трех до пяти лет с лишением права заниматься педагогической или иной деятельностью до трех лет.

(3) Те же деяния, совершенные в отношении малолетних лиц, -

наказываются лишением свободы сроком на пять лет с лишением права заниматься педагогической или иной деятельностью до трех лет.».

**6.** В абзаце первом части 1 статьи 157 слова «проституцию, совершение сексуальных действий,» исключить.

**7.** Статью 260 дополнить частями 3 и 4 следующего содержания:

«(3) Те же деяния, совершенные с привлечением несовершеннолетнего лица, -

наказываются лишением свободы на срок от пяти до десяти лет.

(4) Те же деяния, совершенные с привлечением малолетнего лица, -

наказываются лишением свободы на срок от десяти до пятнадцати лет.».

**8.** В статье 261:

часть 3 изложить в следующей редакции:

«(3) Те же деяния, совершенные с привлечением несовершеннолетнего лица,-

наказываются лишением свободы на срок от пяти до десяти лет с конфискацией имущества.»;

статью дополнить частью 4 следующего содержания:

«(4) Те же деяния, совершенные с привлечением малолетнего лица, -

наказываются лишением свободы на срок от десяти до пятнадцати лет с конфискацией имущества.».

**9.** В статье $262^1$:

в названии статьи, в абзаце первом части 1 и в пункте 3 части 3 слово «заведомо» исключить;

в абзаце втором части 1 слова «до двух» заменить словами «от пяти до восьми»;

в абзаце втором части 2 слова «от двух до трех» заменить словами «от восьми до десяти»;

абзац второй пункта 3 части 3 изложить в следующей редакции:

«наказывается лишением свободы на срок от восьми до пятнадцати лет.».

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 09-июлу
№ 126

**Статья 2.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
09 июля 2013 года
№ 126